**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**АК-СУУ РАЙОНУ**

**ХАН ТЕҢИРИ АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН**
**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АК-СУЙСКИЙ РАЙОН**

**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**
**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА**
**ХАН ТЕНИРИ**

Хан Теңири айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин 28-чакырылышынын уюштуруу сессиясынын

# Т О К Т О М № 2

**2024-жылдын 20- февралы** **Ново-Вознесеновка айылы**

**Хан Теңири айыл аймагынын жергиликтүү**
**кеңешин мамлекеттик каттоо жөнүндө**

"Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 7-февралындагы № 24 Жарлыгы менен бекитилген пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформанын алкагында жергиликтүү кеңештердин иши жөнүндө Убактылуу жобону жетекчиликке алып жергиликтүү кеңеш **токтом кылат :**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 7-февралындагы № 24 Жарлыгы менен бекитилген пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформанын алкагында жергиликтүү кеңештердин иши жөнүндөгү Жобонун негизинде төрт айылдык кеңештеринин (Ак-Булуң, Ак-Чий, Боз-Учук, Жыргалаң) бириккендигине байланыштуу түзүлгөн "Хан Теңири айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши" мекемеси мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.
2. жергиликтүү кеңештин уюштуруу-укуктук формасы – мекеме.

жергиликтүү толук фирмалык аталышы:

— Мамлекеттик тилде: "Хан Теңири айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши" мекемеси;

— Расмий тилде: Учреждение "местный кенеш айыльного аймака Хан Тенири";

Жергиликтүү кеңештин кыскартылган фирмалык аталышы:

— Мамлекеттик тилде: " Хан Теңири жергиликтүү кеңеши" м-и;

— Расмий тилде: У-е " Местный кенеш Хан Тенири";

2.2. Мекеменин жайгашкан жери (юридикалык дареги): Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл облусу, Ак- Суу району, Ново-Вознесеновка айылы, Арык Мырза көчөсү, үй №61.

3. Хан Теңири айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин Жобосу жаңы редакцияда бекитилсин.

4. Ак-Чий, Ак-Булун, Боз-Учук, Жыргалаң айылдык кеңештеринин өткөрүп берүү актылары бекитилсин.
5. “Хан Теңири айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши” мекемесин Ысык-Көл областтык юстиция башкармалыгынан мамлекеттик каттоодон өткөрүү жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысы З.Дюшембиевага милдеттендирилсин.

Мамлекеттик каттоо жөнүндө чечимде андагы көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтерди маалыматтардын анык экендиги ырасталат.

**Төрага** **И.Алымжан уулу**